*Амирова К.А.*

# СОТ АТКАРУУЧУЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Амирова К.А.*

# ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ СУДЕБНЫХ ИСПОЛНИТЕЛЕЙ

*K.A. Amirova*

# THE ACTIVITIES OF BAILIFFS

*УДК: 347.96*

*Макалада сот аткаруучулардын ишмердүүлүгү, мыйзам негизинде сот актыларын аткарууда жоопкерчилиги, бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоо максатында алардын туура өз убагында аткарылышына көмөк көрсөтүп, соттун чечимдерин жана башка органдардын актыларын иш жүзүндө алып баруусу каралган. Аткаруу өндүрүшү бузулган, же талашка түшкөн укукту, же мыйзам тарабынан корлогуучу укуктарды реалдуу коргоону камсыз кылуу максатында сот актыларын жана бейтарап соттордун чечимдерин мажбурлап ишке ашыруунун мыйзамда белгиленген тартиби каралган. Аткаруу өндүрүшү – жарандык процесстин корутунду баскычы, анын чегинде жарандарга, уюмдарга же баардык деңгээлиндеги бюджеттерге акча каражаттарын жана башка мүлктү башка жарандарга, уюмдарга берүү боюнча милдеттерди жүктөөгө же алардын пайдасына белгилүү аракетти жасоого, же ушул аракеттерди жасоодон баш тартууга укугу бар орган тарабынан чыгарылган юрисдикциялык акт жүзөгө ашырылат.*

***Негизги сөздөр:*** *сот аткаруучу, сот актылары, мүлк, акча, укук, мажбурлоо, жоопкерчилик, мыйзам, ыктыярдуу, токтом, карызкор, өндүрүп алуучу.*

*В данной научной статье рассматривается деятельность судебных исполнителей на основе законов об исполнении судебных актов, с целью защиты прав и свобод, поддержание их справедливости, рассмотрение и исполнения решения суда и других органов. Законом предусмотрен установленный порядок принудительной реализации судебных актов и решений третейских судов в целях обеспечения реальной защиты нарушенного исполнительного производства или оспариваемого права, или прав, охраняемых законом. Исполнительное производство – заключительная стадия гражданского процесса, в рамках которой осуществляется юрисдикционный акт, издаваемый органом, имеющим право на возложение обязанности по передаче денежных средств и иного имущества другим гражданам, организациям в бюджеты всех уровней или совершение в их пользу определенных действий, либо отказ в совершении этих действий.*

***Ключевые слова:*** *судебный исполнитель, судебные акты, имущество, деньги, право, принуждение, ответственность, закон, добровольный, постановление, должник.*

*This scientific article discusses the activities of bailiffs on the basis of laws on the execution of judicial acts, in order to protect rights and freedoms, maintain their fairness, consideration and execution of court decisions and other bodies. The law provides for the established procedure for the enforcement of judicial acts and decisions of arbitration courts in order to ensure real protection of the violated enforcement proceedings or the disputed right, or the rights protected by law. Enforcement proceedings – the final stage of civil proceedings, in which the jurisdictional act issued by the body entitled to impose the obligation to transfer funds and other property to other citizens, organizations in the budgets of all levels or commit in their favor certain actions, or refusal to commit these actions.*

***Key words:*** *judicial executor, judicial acts, property, money, law, coercion, responsibility, law, voluntary, decree, debtor.*

Аткаруу мыйзамдарына ылайык, бардык аткаруу өндүрүшүнүн сот аткаруучулары сот актыларын мажбурлап аткарууну жөнгө салуучу мыйзамдын жазма буйруктарын аткарууга милдетүү. Сот актысын түздөн-түз аткаруу, аткаруу өндүрүш тармагында мыйзамдуу тартипке атайын ыйгарым укуктар берилген адамдарга жүктөлөт. Бул жерде бир гана сот аткаруучулар эмес, соттор, прокуратура, айрым мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирет. Соттун актыларын мажбурлоо жолу менен аткаруу тартиби жарандык процесстин маанилүү жана акыркы - жыйынтыктоочу стадиясы болуп саналат. Аткаруу өндүрүшү негизинен, жарандык процесстин акыркы (бүтүүчү) стадиясы экендиги анык, анткени, сот адилеттигин ишке ашыруу, соттун чечими менен аныкталган укукту реалдуу калыбына келтирмейин, аны зарыл болгон учурда мажбурлап аткармайын мүмкүн эмес. Ошондуктан, бул маселени чечүүдө аракеттеги жарандык сот ишин жүргүзүүнүн мыйзам тарабынан белгиленген тартиби иштердин туура жана өз убагында каралышын жана чечилишин, мыйзамдуу сот актыларынын чыгарылышын, алардын реалду (анык) аткарылышын камсыз кылууга" багытталгандыгын эске алуу зарыл [1].

Алардын укуктук статусунун өзгөчөлүгү алардын чындыгында өкүмдүү ыйгарым укугунун жоктугуна карабай, алар мамлекет тарабынан аларга аткаруу өндүрүш тармагында өзгөчө ыйгарым укуктарды бергенин натыйжасында мажбурлап аткарууга катышат. Ар бири аткаруу өндүрүшүндө өзүнүн мыйзамдуу белгиленген кызматтын аткарып жатып, жарандар-

дын жана уюмдардын бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоо максатында алардын туура өз убагында аткарылышына көмөк көрсөтөт. Жарандык сот өндүрүшүнүн максаты, жарандардын үй-бүлөлүк, турак жайлык, эмгектик жана башка өздүк, мүлктүк укуктарын жана мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктарын, ошондой эле коомдук уюмдардын жана ишканалар менен мекемелердин, мамлекеттик органдардын юридикалык кызыкчылыктарын коргоо болуп эсептелгендиктен, сот органдарынын милдети жарандык ишти өз убагында карап жана туура чечим кабыл алуу менен гана чектелбейт. Башкача айтканда, бузулган укукту коргоо муну менен эле бүтпөйт. Анткени, соттун чечимдери иш жүзүндө, жоопкер тарабынан ар дайым эле өз ыктыяры менен, өз убагында аткарыла бербейт. Ошондуктан, процесстин мурдагы стадиялары ишти өзү багында карап, мыйзамдуу жана негиздүү чечимдерди кабыл алууну камсыз кылууга багытталган болсо, процесстин бул стадиясында - баскычында ошол чечимдер иш жүзүнө ашырылат, башкача айтканда, кабыл алынып, мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларынын жана дагы башка органдардын актыларынын аткарылышын (зарыл болгон учурларда, мажбурлоо жолу менен) иш жүзүнө ашырмайынча сот органдары, алдыларына коюлган милдеттерди аткарбаган болуп эсептелет. Соттун актыларын мажбурлоо жолу менен аткаруу тартиби жарандык процесстин маанилүү жана акыркы – жыйынтыктоочу стадиясы болуп саналат, анткени, процесстин катышуучуларынын (айрыкча, тараптар менен үчүнчү жактардын) укуктарын коргоо бир катар учурларда, (мажбурлоо жолу менен аткаруу зарыл болгондо) дал ушул стадияда гана ишке ашырылышы мүмкүн [2].

Соттун актыларын мажбурлоо жолу менен аткаруу тартиби жарандык процесстин маанилүү жана – жыйынтыктоочу стадиясы, анткени процесстин катышуучуларынын (айрыкча, тараптар менен үчүнчү жактардын) укуктарын коргоо бир катар учурларда, (мажбурлоо жолу менен аткаруу зарыл болгондо) дал ушул стадияда гана ишке ашырылышы мүмкүн. Мыйзам тарабынан бекитилген тартипте жүзөгө ашырылуучу жана карызкорго мажбурлап аткаруу чараларын колдонуу менен байланышкан мажбурлап аткаруу органдарынын иши. Ишти регламентөөнүн негизги ченемдик акты “Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу тууралуу” Мыйзамы болуп саналат. Сот актыларын жана башка органдардын актыларын Сот департаментинин алдындагы соттук аткаруучуларына жана анын аймактык органдарына жүктөлөт. Мыйзамдын 49-беренесине ылайык соттук аткаруучу тарабынан карызкорго берилген ыктырдуу аткаруу үчүн мөөнөт аяктагандан кийин, ошондой эле карызкор ыктырдуу аткаруудан баш тарткан же качкан учурда соттук аткаруучулар мажбурап аткаруунун өндүрүшүнө киришет [3].

Жогоруда айтылган мажбурлап аткаруу чараларын ишке ашыруу Кыргыз Республикасын соттук аткаруучулары тарабынан ишке ашырылат. Соттук аткаруучуга коюлуучу талап? Мыйзамда көрсөтүлгөндөй жыйырма бир жашка чыккан,жогорку юридикалык билими бар соттуулугу жок, ден-соолугунун абалы жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын жараны сот аткаруучу боло алат. Соттук аткаруучу өз ишин мыйзамга ылайык жүргүзүүгө, аткаруу документтерин реалдуу, толук жана өзү багында аткаруу үчүн бардык мыйзамдуу чараларды көрүүгө жана өз ишинде жарандар менен юридикалык жактардын укуктарынын жана мыйзамдуу таламдарынын кысымга алынышына жол бербөөгө милдеттүү. Сот актысынын негизинде берилген же сот актысы болуп саналган аткаруу документинде камтылган талаптардын белгиленген мөөнөтүн карызкор аткарбаганда сот аткаруучусу өндүрүп алуучунун арызынын же өзүнүн демилгеси боюнча карызкордун атайын укуктарды пайдалануусун убактылуу чектөө жөнүндө токтом чыгарууга укуктуу. Аткаруу документтерин реалдуу, толук жана өзү багында аткаруу үчүн мыйзамда каралган чарларды көрүүгө; тараптарга алардын укуктарын жана милдеттерин, жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдын жоболорун түшүндүрүүгө жана алардын мыйзам менен корголуучу укуктары жана таламдарынын корголушуна жигердүү жардам берет, аткаруу өндүрүшүнүн тараптарына же алардын өкүлдөрүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган эрежерлерден пайдалануу жана милдеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүн берүүгө, аткаруу өндүрүшү тууралуу арызды жана тараптардын өтүнүчтөрүн кароого, аларга даттануунун мөөнөттөрүн жана тартибин түшүндүрөт, эгерде аткаруу өндүрүшүнүн жыйынтыгына түздөн-түз же кыйыр түрдө кызыкчылыгы болсо анда баш тартууга укукту.

Сот аткаруучулар кызматтык милдеттерин аткарууда форма кийим кийишет, айрымалоо белгилери, эмблемасы болот. Атайын класстык чендер ыйгарылат. Сот аткаруучу ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жүзөгө ашырылат. Ошону менен

бирге аткарууга тиешелүү маселер боюнча токтомдорду чыгарат, аткаруу иштерди жасоодо келип чыккан зарыл маалыматтарды, түшүндүрмөлөрдү, маалымат банктык жана мыйзам менен коргоолучу сырлары түзгөн маалыматтарды сактоо менен талап кылууга, издөө салуу иштерин жүзгүзүшөт. Өзүнө тапшырылган кызматтык милдеттерди жана ыйгарылган укуктарды талаптагыдай аткарбаса, укук бузуларды жасаса Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылат.

Демек өз иш жакшы билген талапка ылайык жогорку кваликациялуу адистерди даярдоо керек. 2017-жылдын 1-июлунда күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын "Сот аткаруучуларынын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу"мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку соттуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби Европа биримдигинин "Кыргыз Республикасында укук үстөмдүүлүгүн бекемдөөгө көмөктөшүү" долбоору менен биргеликте комплекстүү окутуу программасы боюнча сот департаментинин кызматкерлерин жана сот аткаруучуларын квалификациясын жогорулатуу курстары өткөрүлүп, сот аткаруучулардын ишин дагы алдына жылдыруу, өзүн ишин мыкты билген адистерди даярдоого толук өбөлгө болот. Мыйзамга өзгөртүү толуктоо менен сот аткаруучулардын укугу жана жоопкерчилиги кеңейтилди.

Азыркы мезгилде сот аткаруучулар иш алып барууда жогорку квалификациялуу өз ишин мыкты билген адистер керек. Мыйзамдагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор сот аткаруучулардын ишин жакшыртуу, жеткиликтүү кылуу менен иш чөйрөсүн өнүгүшүнө өбөлгө түзүү. Аларды саясий ишмердүүлүккө тартуу; коомдун максатын, милдетин, өнүгүү жолдорун аныктоо, анын жашоосунун айкын программасын иштеп чыгуу жана алардын аткарылуусу боюнча иштерди уюштуруу болуп саналат. Өлкөбүздөгү соттун ыйгарым укукту өкүлдүк расмий сайтына толугу менен малыматтарды жайгаштыруу, алименттик милдеттемелери боюнча карызкорлор жөнүндө маалымат жана электрондук базаны түзүү менен толукталат. Мыйзамда соттук аткаруучулардын социалдык жактан жардам көрсөтүү мүнкүнчүлүктөрү каралган, кызматтык турак жай же турак жайды ижарага алгандыгына байланыштуу сарптоо компенсациясы берилет, турак жай шартын жакшыртуу үчүн мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан финансылык каражат бөлүнүп берилет. Кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу жаракат алса, курман болсо же ошол алган жаракаттын кесепетинен өлгөн учурда үй-бүлөсүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөмдөр жүргүзүлөт.

Сот аткаруучунун ишин материалдык-техникалык жактан камысыз кылуу республикалык бюжеттин каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт. Эмгек акысы кызматтык маянадан, класстык чен үчүн, иштеген жылдары үчүн ошондой эле сыйлыктардан жана башка үстөктөрдөн турат. Ошону менен бирге жетишпегендиктер да бар, атайын техникалык жабдуулардын жоктугу, айрыкча авто унаалардын баары эле жетишерлик деңгээлде эместиги, алыскы райондорго өз убагында барууда жетишсиздик кылат.Айрыкча сот аткаруучулардын Мыйзамда белгиленген 15-беренесинин 2-пункта турак жайга муктаж сот аткаруучуларга колдоо көрсөтүү колго алынса. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан бери сот аткаруучулардын иш алдына жүргүзүү боюнча мыйзамда өзгөртүүлөр толуктоолор киргизилип, кемчилдиктерди жоюу өз ишин мыкты билген адистерди даярдоо, сот аткаруучулардын кадыр баркын көтөрүү болуп саналат [4].

Сот аткаруучулардын иш аракетерин алдыга жылдырууга өбөлгө түзүү менен сот аткаруучу өз ишин Кыргыз Республикасын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырууга, аткаруу документерин реалдуу, толук өз убагында натыйжалуу аткарылуусуна бардык чараларды көрүүгө, жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого милдетүү. Сот чечимин мажбурлап аткаруу иши мамлектин атынан соттук аткаруучуга жүктөлөт, алар сот актысын аткаруу үчүн бардык тиешелүү чараларды колдонушат. Дал ушул көрсөтүлгөн аткаруучулардын иши аткаруу өндүрүшүнүн алкагында сот актыларын мажбурлап аткарууну камсыз кылат. Ар бири аткаруу өндүрүшүндө өзүнүн мыйзамдуу белгиленген кызматтын аткарып жатып, жарандардын жана уюмдардын бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоо максатында алардын туура өз убагында аткарылышына көмөк көрсөтөт [5].

Сот аткаруу өндүрүштүн жөнөкөй эле субъектиси болбостон, ал өзү катышып жаткан аткаруу өндүрүштүк бийликке ээ болгон чечүүчү субъектилерден (катышуучу) болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу, сотторду ыйгарым укуктарына аткаруу өндүрүшүн козгоого, иштин өнүгүшүнө жана анын кыскартылышына байланышкан жана башка негизги жана өтө маанилүү маселелер кирет. Аткаруу өндүрүшүн жүрүшүндө сот аткаруучу сот актысын мажбурлап аткаруу үчүн

тешелүү инстументтердин баардыгына ээ болот (төлөтүп алууга, кайрылууга, мүлктү камака алуу, камактагы мүлктү сатуу ж.б.). мындай шарттарда карызкордун кандай болбосун аракеттери мындай аткарууга тоскоолдук катары каралашы мүнкүн: Мисалы мүлкө болгон өз укугу тууралуу ишенүүгө болбой турган маалыматтарды берүү жолу менен жаңы жумуш орду жөнүндө, киреше алган жери же жашаган тууралу билдирбөө ж.б. Ошонтип, мажбурлап атаруу өндүрүшүнүн манызы жана мазмунунан карызкордун укукка каршы аракеттери, сот актысын аткарбоо катары бааланышы керек. Демек мамлекет гана ага ыйгарым укуктуу органдардын жана кызмат адамдарынын атынан сот актысын мажбуралап аткаруу аркылуу жалпыга милдеттүлүгүн кепилдөөгө милдетүү. Эгерде сот актысын аткаруу негизинен карызкордон көз каранды болсо, аткаруу өндүрүшү өз маанисин жоготот. Бул учурда, карызкор сот актысын ыктыярдуу аткаруудан баш тартканда, мыйзамдуу каралган мажбурлоо чаралары колдонулбай юридикалык жоопкерчиликке тартылышы керек.

**Адабияттар:**


1. Сатибеков С.С. Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик укугу. - Бишкек, 2012.
2. Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2017-ж. - 28-январы. - №15.
3. Богданова Ю.А., Ганиева Т.И., Маткасымов А.А., Осмоналиев К.М. Исполнительное производство в Кыргызской Республике. / Учебное пособие. - Б., 2010.
4. Рябцовская Н.М. Судебный пристав-исполнитель, его полномочия. / Научная работа. к.ю.н.
5. Мельников А. Судебные приставы – исполнительная власть. / Россия юститциясы, 2000.
6. Морозов И.Б., Треушников А.М. Исполнительное производство. / Учебное пособие. - М., 1999. - С. 67.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Орозов Ж.Ж.**